*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

***Экспресс-маалымат***
2018-жылдын 12-июну

**2018-жылдын январь-майындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-майы 2017[1] январь-майына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-майы 2016 январь-майына карата пайыз менен | Өсүшү (+), төмөндөөсү (-), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 170754,8 | 100,7 | 106,1 | -5,4 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 153230,4 | 102,5 | 101,9 | +0,6 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 90805,4 | 96,7[2] | 135,3[2] | -38,6 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 57684,7 | 107,1[2] | 121,5[2] | -14,4 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 4791,5 | 79,1[2] | 170,4[2] | -91,3 |
| Иштетүү өндүрүшү | 67616,3 | 97,0[2] | 136,8[2] | -39,8 |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 17598,7 | 103,0[2] | 111,8[2] | -8,8 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 798,8 | 109,5[2] | 104,3[2] | +5,2 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 41442,6 | 101,8 | 101,3 | +0,5 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 35218,8 | 104,5 | 100,0 | +4,5 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 33102,8 | 105,2 | 91,1 | +14,1 |
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 147500,2 | 105,3 | 103,8 | +1,5 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 80497,7 | 103,4 | 104,4 | -1,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 6364,8 | 106,5 | 106,7 | -0,2 |

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-майы 2017[1] январь-майына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январ-майы 2016 январ-майына карата пайыз менен | Өсүшү (+), төмөндөөсү (-), пайыз-дык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 11799,2 | 103,3 | 102,6 | +0,7 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 274,3 | 102,6 | 103,5 | -0,9 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 279,4 | 101,1 | 100,4 | +0,7 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 9275,3 | 92,6 | 74,4 | +18,2 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 102,6 | 102,4 | +0,2 |
| - 2017-ж. декабрына карата | 100,1 | | | |
| - 2017-ж. майына карата | 101,4 | | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 64,3 | 104,3 | 105,2 | -0,9 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 15230 | 107,3 | 105,0 | +2,3 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 2149,2 | 119,6 | 114,3 | +5,3 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 699,6 | 100,6 | 105,4 | -4,8 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 530,1 | 96,8 | 128,5 | -31,7 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 184,8 | 95,4 | 119,2 | -23,8 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 1619,1 | 129,6 | 109,1 | +20,5 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 514,8 | 102,6 | 100,9 | +1,7 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2018-ж.январь-апрели (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] 2018-ж. январь-апрели (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**2018-жылдын январь-майындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Өнөр-жай.** Өткөн жылдын январь-майына салыштыруу боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмдөрүнүн төмөндөшү металл рудаларын казуу - 49,4 пайызга, транспорт каражаттарынын өндүрүшү - 32,7 пайызга, машина жана жабдуулар - 13,5 пайызга, негизги металлдардын - 11,2 пайызга кыскарышынын эсебинен шартталды.

Муну менен катар текстиль өндүрүшүнүн (1,7 эсеге), резина жана пластмасса буюмдарынын, башка металл эмес минералдык продукттарынын (30,4 пайызга), нефть продукттарынын (38,3 пайызга), кийим өндүрүшүнүн (29,5 пайызга) көлөмдөрүнүн көбөйүшү менен камсыздалды.

Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун көлөмү 2017-жылдын январь-майындагы деңгээлинен 3,0 пайызга ашты, бул электроэнергиясын өндүрүүнүн өсүшүнүн жана бөлүштүрүүнүн эсебинен жүрдү.

**Айыл чарбасы.** 2018-жылдын январь-майында айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоо продукцияларынын көлөмдөрүнүн көбөйүшү, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштыруу боюнча, негизинен, мал чарба продукциясын өндүрүүнүн эсебинен камсыз болду.

**Курулуш.** Негизги капиталга жумшалган инвестициянын көлөмдөрүнүн өсүшү айыл чарбасында, токой чарбасында жана балык уулоодо, кайра иштетүү өндүрүшүндө, пайдалуу кендерди казууда, суу менен камсыздоодо, тазалоодо, калдыктарды иштетүүдө, дүң жана чекене соодада, финансылык ортомчулукта жана камсыздандырууда, билим берүүдө, саламаттыкты сактоодо, искусстводо, оюн-зоок жана эс алууда, башка тейлөө ишмердиктеринде, ошондой эле турак жай курулушунда байкалды.

Муну менен катар негизги капиталга жумшалган инвестициялардын төмөндөөсү электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба, транспорттук ишмердик жана жүктөрдү сактоо, мейманканалар жана ресторандар, маалымат жана байланыш менен камсыздоо (жабдуу) боюнча объекттердин курулушунда байкалды.

Ички булактардын эсебинен каржылана турган инвестициялардын көлөмдөрү 14,0 пайызга өстү, ал эми тышкы булактардын эсебинен, тескерисинче, 21,6 пайызга төмөндөдү.

Негизги көлөм (инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 81ге жакын пайызы) пайдалуу кендерди казуу, кайра иштетүү өндүрүшү, электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба, транспорттук ишмердик жана турак жай курулушу боюнча объекттердин курулушуна багытталды.

**Соода.** Өткөн жылдын январь-майына салыштыруу боюнча дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоолор боюнча жүгүртүүнүн көбөйүшү, негизинен, дүң сооданын (9,5 пайызга), мотор күйүүчү майынын (4,2 пайызга) жана чекене соода (3,4 пайызга) көлөмдөрүнүн өсүшү менен камсыз болду.

2018-жылдын январь-майында 2017-жылдын январь-майына салыштыруу боюнча мейманкалар жана ресторандар тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмдөрү 6,5 пайызга көбөйдү.

**Эмгек акы.** Эсептелген эмгек акынын орточо айлык өсүү темпинин жогорулоосу, экономикалык ишмердиктин бардык түрлөрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды, бирок, эң орчундуу өсүү темпи - маалымат жана байланыш (22,2 пайыз), башка тейлөө ишмердиктери (21,6 пайыз), курулуш  (18,6 пайыз), мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоо (12,9 пайыз), кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик (10,4 пайыз), кыймылсыз мүлк менен операциялар (8,9 пайыз), ошондой эле электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) (8,6 пайыз) чөйрөсүндө байкалды.

**Баалар.** Ү.ж. башынан тартып (өткөн жылдын декабрына салыштыруу боюнча)  бүтүндөй республика боюнча керектөө бааларынын өсүүсү 0,1 пайызды түздү, ушул эле учурда, ү.ж. майында өткөн айга салыштыруу боюнча алардын  0,5 пайызга төмөндөөсү белгиленди. Ушул эле учурда ү.ж. январь-майында кызмат көрсөтүүлөргө карата баалар жана тарифтер 3,9 пайызга өстү, алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге - 5,8 пайызга, ал эми тамак-аш продукттарына жана алкоголсуз суусундуктарына жана  азык-түлүк эмес товарларга, тескерисинче, тиешелүүлүгүнө жараша, 1,9 пайызга жана 0,7 пайызга төмөндөдү.

Мурдагыдай эле, ү.ж. башынан тартып керектөө бааларынын жана тарифтердин максималдуу өсүшү Нарын облусунда (2,4 пайызга) байкалды. Ушул эле учурда, Баткен облусунда (2,7 пайызга) жана Ош шаарында (0,2 пайызга) алардын төмөндөшү белгиленди.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2018-жылдын январь-апрелинде 2017-жылдын январь-апрелине салыштыруу боюнча экспрот жөнөтүүлөрдүн 3,2 пайызга төмөндөшү, монетардык эмес алтындын – 11,9 пайызга, рудалардын жана кымбат баалуу металлдардын концентраттарынын – 22,0 пайызга жөнөтүүлөрдүн төмөндөшү менен шартталды.

Импорттук келип түшүүлөрдүн көлөмдөрүнүн 29,6 пайызга жогорулашы,  текстиль кийимдеринин - 2,3 эсеге, трикотаж кийимдеринин - 2,0 эсеге, жол жана курулуш техникасынын – 2,2 эсеге, цитрус жемиштеринин – 58,9 пайызга, пластмассадан жасалган буюмдардын – 36,0 пайызга, байланыш аппаратурасы жана ага карата тетиктердин – 36,0 пайызга, химиялык булалардын - 33,0 пайызга кирүүсүнүн көбөйүшү менен камсыздалды.

2018-жылдын январь-апрелинде *ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодасынын көлөмү* 699,6 млн. АКШ долларын түздү жана 2017-жылдын январь-апрелине салыштыруу боюнча 0,6 пайызга өстү. Ушул эле учурда, товарлардын импорту 2,6 пайызга жогорулады, ал эми экспорт, тескерисинче, 4,6 пайызга төмөндөдү.

ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодасынын эң чоң үлүшү Россияга (64,8 пайызы) жана Казакстанга (33,5 пайызы) туура келди.

Товарларды Россиядан импорттоодо жер семирткичтердин - 5,5 эсеге, түтүктөр, профилдер - 2,7 эсеге, жылмаланган болоттон жасалган зымдар - 2,1 эсеге, отундун таарындысынан жасалган плиталар - 1,9 эсеге, канаттуулардын эти жана андан жасалган тамак-аш субпродукттары - 69,6 пайызга, эмеректер - 65,8 пайызга, ошондой эле нефть продукттары - 28,9 пайызга кирүүсү көбөйдү.

Товарларды Россияга экспорттоодо жылтырак айнек - 2,2 эсеге, кургатылган буурчак жашылчалары - 31,4 пайызга, эркектин трикотаж кийими - 29,2 пайызга, ошондой эле ысытуучу лампалар - 10,4 пайызга чыгаруу төмөндөдү. Ушул эле учурда пахта буласынын – 5,4 эсеге, автоунаалардын жана тракторлордун деталдарын - 2,0 эсеге, каймак майдын - 36,6 пайызга, сыр жана быштактын - 35,3 пайызга чыгаруу көбөйдү.

Товарларды Казакстанга экспорттоодо резина бут кийиминин 33,4 пайызга, рудалардын жана кымбат баалуу металлдардын концентраттарынын – 14,5 пайызга, ошондой эле жылтырак айнектин - 13,3 пайызга чыгаруу азайды. Ушул эле учурда, кондитердик азыктардын 1,7 эсеге жана сүт азыктардын 6,9 пайызга чыгарылышы көбөйдү.

Товарларды Казакстандан импорттоодо таш көмүрдүн - 38,0 пайызга, аялдар жана балдар үчүн гигиена буюмдарынын - 23,6 пайызга киргизүү кыскарды. Ушул эле учурда, тамекинин - 2,6 эсеге, цементтин - 2,0 эсеге, күн карама майынын - 1,6 эсеге, ошондой эле буудай унунун - 27,5 пайызга киргизүү көлөмдөрү көбөйдү.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



# Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБге мүчө-мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБге мүчө-мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**